УДК: 81.00

**Усмамбетов Б. Ж.**
филология илимдеринин доктору
*К. Карасаев атындагы Бишкек*
*мамлекеттик университетинин профессору*
**Чекеева Б. С.**
улук окутуучу
*Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз*
*мамлекеттик маданият жана*
*искусство университети*

## ҮЙЛӨМӨ МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРДЫН БӨЛҮКТӨРҮНӨ БАЙЛАНЫШТУУ ТИЛДИК КАРАЖАТТАРДЫН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Усамбетов Б. Ж.**
доктор филологических наук
*Профессор Бишкекского государственного*
*университета имени К. Карасева*
**Чекеева Б. С.**
старший преподаватель
*Кыргызский государственный университет*
*культуры и искусств им. Б. Бейшеналиевой*

## ЛЕКСИКО-СЕМАНТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ЯЗЫКОВЫХ СРЕДСТВ, ОТНОСЯЩИХСЯ К ЧАСТЯМ ДУХОВЫХ МУЗЫКАЛЬНЫХ ИНСТРУМЕНТОВ

**Usmambetov B. Zh.**
Doctor of Philology
*Professor of Bishkek State*
*University named after K. Karasaev*
**Chekeeva Begaim Samatovna**
Senior lecturer
*Kyrgyz State University of Culture and Arts*
*named after B. Beishenaliev*

## LEXICAL AND SEMANTIC FEATURES OF LINGUISTIC MEANS RELATED TO PARTS OF WIND MUSICAL INSTRUMENTS

**Аннотация**. Макалада кыргыз тилиндеги үйлөмө аспаптардын бөлүктөрүнө тиешелүү лексикалык компоненттердин тилдик функциясы ачылып берилет. Үйлөмө музыкалык аспаптардын баш, көзөнөк, шакекче, ооз, көз, чымылдак, мүштөк, оюу, оюк, боо сыяктуу бөлүктөрүнүн аталыштарынын лексикалык маанилери сыпатталып мүнөздөлөт. Атоо сөздөрдүн пайда болушунун аткарган кызматы менен байланышы, адамдын дене бөлүктөрүнүн аталыштарына, пайдаланылган буюмдарга, кийимдерге, ошондой эле башка түрдөгү аспаптарга тиешелүү тилдик каражаттар менен катышы аныкталат. Үйлөмө аспаптардын кыргыз элинин байыркы аспаптарынын катарына кириши, күнүмдүк турмуш-тиричиликте кабар жана белги берүүчү роль аткаргандыгы белгиленет. Кыргыз тилиндеги үйлөмө аспаптарга байланыштуу атоо сөздөрдүн жасалуу жолдору, аталыш жагдайларынын себептери көрсөтүлөт. Кыргыз улуттук үйлөмө музыкалык аспаптарынын бөлүктөрүнө тиешелүү сөздөрдүн алгачкы маанилери менен байланышы берилет.

**Негизги сөздөр**: баш, көзөнөк, шакекче, ооз, көз, чымылдак, мүштөк, оюу, оюк, боо.

**Аннотация**. В статье раскрывается языковая функция слов, относящихся к частям духовых инструментов в кыргызском языке. Характеризуются лексические значения таких частей духовых инструментов, как головка, отверстие, кольцо, рот, глаз, свистулька, мундштук, выемка, щель, шнурок. Рассматривается связь лексических компонентов с их выполняемой функцией. Определяется отношение слов, относящихся к музыкальным инструментам, к на-

званиям частей человеческого тела, используемых изделий, одежды и других видов музыкальных инструментов. Отмечается, что духовые инструмнеты относятся к числу древних инструментов, которые в древности выполняли такую важную функцию, как передача сообщений и сигналов в повседневной жизни. Представляются способы образования слов, связанных с духовыми инструментами в кыргызском языке, причины возникновения их названий.

**Ключевые слова**: головка, отверстие, кольцо, рот, глаз, свистулька, мундштук, выемка, щель, шнурок.

**Annotation.** The article reveals the linguistic function of words related to parts of wind instruments in the Kyrgyz language. Characterized by the lexical meanings of such parts of wind instruments as head, hole, ring, mouth, eye, whistle, mouthpiece, notch, slot. The connection between lexical components and their function is considered. The relationship of words related to musical instruments to the names of parts of the human body, used products, clothing and other types of musical instruments is determined. It is noted that wind instruments are among the ancient instruments that in ancient times performed such an important function as transmitting messages and signals in everyday life. The connection of words related to parts of Kyrgyz national wind musical instruments with their direct meanings is determined.

**Keywords**: head, hole, ring, mouth, eye, whistle, mouthpiece, recess, gap, lace.

Үйлөмө аспаптар тууралуу маалыматтар "Манас" эпосунда көп учурайт. Бул аспаптар жүрүштөрдө, жыйындарда пайдаланылган. Ал эми кыргыз элинин аса таяк, шалдырак, жылаажын, жекесан, коңгуроо музыкалык аспаптары байыркы учурда жиндерди кубалоо, көз тийүүдөн сактоо, белги берүү сыяктуу функцияларды аткарууда пайдаланылган. Мындай көрүнүштөр кыргыз тилиндеги үйлөмө музыкалык аспаптардын кыргыз элинин жашоосунда маанилүү орун ээлегендигин тастыктап турат.

Үйлөмө аспаптардын ичиндеги сыбызгы, сурнай, керней аспаптарына тектеш аспаптар тууралуу маалыматтар башка элдердин эмгектеринде көп. Кыргыз улуттук үйлөмө музыкалык аспаптар тууралуу булактар музыкалык адабияттарда берилген. Ал эми алардын лингвистикалык жактан изилдениши тууралуу теориялык адабияттар аз. Адабияттардан аспаптардын жасалышына карата ошол зат атооч сөз менен айкашып камыш сурнай, мүйүз керней, жез керней өңдүү аталыштар менен аталгандыгын көрүүгө болот [1]. Үйлөмө музыкалык аспаптардын бөлүктөрүнө байланыштуу лексикалык компоненттердин түз жана кыйыр маанилери лингвистикалык эмгектерде көрсөтүлгөн [2].

Адабияттарда берилген маалыматтар аркылуу кыргыз тилиндеги үйлөмө музыкалык аспаптардын бөлүктөрүнө байланыштуу атоо сөздөр музыкалык аспап маанисин туюндургандыгына, жасалган затына, чыгарган үнүнө жараша аталып калгандыгын көрүүгө болот.

**Баш**

Чоордун үйлөгөндө добуш чыгарган жери, чоң (бас) чоордун үйлөнө турган жагы, ышкырыктын жогорку жагы баш деп аталат. Баш сөзү кылдуу жана урма аспаптардын бөлүктөрүндө да кездешет. Мисалы: комуздун башы, кыл кыяктын башы, асамуса таягынын башы. Кыргыз тилиндеги негизги мааниси "адамдын, жалпы эле жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон дене мүчөсү". Эсен унчукпай гана башын ийкеди да, Жуманын артынан басты (Жантөшев). Таякчан, көпчүлүгү көз айнекчен, Кашка баш чекелери бир карыштап (Токомбаев) [3].

**Көзөнөк**

Аспаптардын добуш чыгаруудагы эриндерди кымтып үйлөнүүчү жагы жана манжалар менен үндү өзгөртө турган тешикчелери көзөнөк деп айтылат. Үйлөмө музыкалык аспаптардагы көзөнөктөр добуш чыгара турган (чопо чоордун, ышкырык (пиколо) чопо чоордун, сыбызгынын, ышкырык (пиколо) сыбызгынын), добуш өзгөртө турган (чоордун, чоң (бас) чоордун, чопо чоордун, ышкырык чопо чоордун, ышкырык чоордун, балтыркан чоордун, сурнайдын, сыбызгынын, ышкырык (пиколо) сыбызгынын) функцияны аткарат. Ал эми кернейдин жана мүйүз кернейдин аспапты алып жүрүүгө ыңгайлаштырылган боосу тагыла турган мүштөк жагында көзөнөгү бар. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө көзөнөк сөзүнүн алгачкы мааниси "көзөлгөн тешик, жылчык" деген маанини берет. Шахтёрлор үч көзөнөк жасап, дары салып, от коюшту (Сасыкбаев). [4]. "Көзөнөк" аталышы кыргыз тилиндеги кылдуу, какма, урма аспаптардын

бөлүктөрүнө байланыштуу лексемалардын учурайт. Комуздун аспабынын үн чыгарган жери, жыгач ооз комуздун илме боосу байланган жагы, добулбастын түп жагы, жылаажындын чокусуна кадалган кичинекей илгичи, дилдиректин жип өтө турган жери, жекесандын тилинин түп жагынан темир шакекче аркылуу бириккен бөлүгү козөнөк деп аталат.

**Шакекче**

Чоордун, чоң (бас) чоордун, сыбызгынын, ышкырык (пиколо) сыбызгынын тулкусунун эки бөлүгүн бири-биринен ажыратып турган жери шакече деп айтылат. Шакек зат атоочуна кичинекей форманы билдирүүчү -ча (-че) мүчөсүн жалгоо менен жасалган. "Шакектин кичинекейи" деген маанини берет. Кыргыз элиндеги урма музыкалык аспаптарга байланыштуу лексикалык компоненттердин арасында шакекче деп аспаптардын төмөнкү бөлүктөрү аталат: аса таяктын капталындагы шылдырактардын бири; шалдырактын жалгыз түз, эркин кыймылдаган бөлүгү; жылаажындын жип менен куштарды тагуу үчүн өткөрүлгөн бүлдүргүнүн сыртындагы бөлүгү; жекесандын тили бириктирилип бекитилген темир шакекчеси.

**Жылчык**

Ышкырык чоордун кыйгач жагындагы эринге такап үйлөнүүчү жери жылчык деп аталса, ышкырыктын боорундагы жери ышкырык жылчык деп айтылат.

**Ооз**

Туулга чоордун көзөнөгү жак бөлүгүн оозу деп, ал эми сурнайдын үн чыгаруучу жерин керней сымал оозу деп аташат. Сыбызгы менен ышкырык (пиколо) сыбызгы аспаптарынын жел үйлөнүп, добуш алына турган көзөнөгү ооз деп, ал эми сыбызгы менен ышкырык (пиколо) сыбызгынын жабык жери ооз жагы деп айтылат. Ышкырыктын үстүңкү башы ооз жагы деп аталат.

Ооз лексемасынын алгачкы мааниси "адамдын жана жан-жаныбарлардын тамактануучу мүчөсү". Оздон чыккан сөз – колдон чыккан куш (макал). Туунду мааниси "түрдүү идиштердин же нерселердин моюн жагындагы же уч жагындагы ачыгы". Чаргын чаначты, чымчып буулган оозунан тутамдай кармап, чайкай баштады (Сыдыкбеков). Метафоралык жол менен уюшулган маанилери "чоор жана кернейдин оозу". Чоордун оозун тазалап, тарта баштаганда, Каныбек Жуманын маңдайына отура калды (Жантөшев) [4]. Ооз лексикалык компоненти Э.В.Севортяндын, М.Кашгаринин жана Аширалиевдин эмгектеринде "агыз" деген тыбыштык формада учурайт: агыз - ущелье, устье (тешик, ооз) [5]; агыз - отверстие, рот, вход, проход, ров, прокорм, содержание и др.(центральные значения: рот, прокорм) [6]; "агыз ийсе көз уйазур" – ооз жесе, көз уялаар (макал) [2].

**Көз**

Туулга чоордун добуш өзгөртө турган оюуларын, сыбызгынын жана ышкырык (пиколо) сыбызгынын добуш өзгөртө көзөнөктөрүн көз деп аталат. Көз сөзүнүн алгачкы мааниси "адамдын, жан-жаныбарлардын көрүү мүчөсү".

**Чымылдак**

Сурнайдын башындагы мүштөккө салынган, үн чыгарууда абаны үйлөй турган тилчелери чымылдак деп айтылат. Жалгыз тилдүү, добуш көзөнөктөрү жок үйлөмө музыкалык аспап чымылдык деп аталат. Ичи көңдөй куурайдан, жыгачтан жасалган ичке үндүү үйлөмө музыкалык аспап. Чымылдык жезнай тызылдап ("Манас" С.О.) [4]. Чымылдак деген сөздүн дагы бир мааниси ууга чыкканда маанилүү функция аткарган добуш чыгара турган ышкырык. С.Субаналиев "чымылдак" лексикалык компонентин чыңылда, чыңкылдак деген сөздөрдүн негизинде пайда болгондугун деп болжолдогон [1]. Биздин оюбузча "чыңкылдоо" деген сөз тыбыштык жагынан "чыйылдап / чыңылдап" деген добуш чыгаруу маанисин чагылдырган сөз менен байланышта экендиги күмөнсүз. "Чымылдак" сөзү орус тилинде "свистулька" деген түшүнүктү туюндурат. Бул сөздүн пайда болушу "чыңылдаган" деген маанини берген лексемага байланыштуу. Ал эми кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө ошол "чыңылдаган" деген сөз "чың" уңгусунан куралган. "Чың" формасынын алгачкы мааниси "тоонун эң бийик жери, тик кеткен бийик жер", өтмө мааниси "бекем, катуу, кайраттуу". *Отуз бешке жашың толду чыңалып, Эмгекчи элдин бирдиги чың куралып.* Чың сөзү көбүнчө баланын ыйлаганындай болгон ичке ачуу дабышты билдирүүдө пайдаланылат. *Чыңчың үнү чың чыгат. Чымырканып бу Манас, Добушу катуу чоң чыгат* ("Манас") [4].

**Чымылдактын ачык учу, жабык учу, жабык жагы**. Чымылдак / чымылдыктын бир жагындагы учу – ачык учу, экинчи жак учу – жабык учу жабык жагы. Үйлөнө турган чымылдактын тили оюлган жери жабык жагы.

**Мүштөк**

Сурнайдын шимегинин (түтүгүнүн) ичине атайын камыштан жасалып салынган

жери, керней менен мүйүз керней аспаптарынын көзөнөк оюлган жагындагы оюусу мүштөк деп аталат. "Мүштөк" сөзүнүн алгачкы мааниси "тамеки тартуу үчүн ылайыкталып катуу нерседен (мүйүздөн, жыгачтан, металлдан ж.б.) жасалган, оозго тиштөөчү жагы ичкерээк келген түтүкчө". Бугимов мүштөгүн катуу кагып, кайрадан чылым жасады (Сасыкбаев). Андан кийинки пайда болгон өтмө мааниси "тоголок кылып ийрилегн жип түрмөгү". Улгайган байбичелер топоздун тыбытын тытып, кыгын терип, ийик ийрип чоң тостогондой кылып мүштөк жасап тоголотуп салып, кайра баштап ийик ийрип отургандары отурган (Абакиров) [4]. Бул лексема орус тилинен кабыл алынган. Мүштөк (ор. мундштук) чылым түтүгү, папирос тарткыч түтүк [7].

**Оюу**

Керней, мүйүз керней аспаптарынын мүйүз кесилген жагындагы мүштөк сыяктуу оюусу. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө берилген оюу атоо сөзүнүн негизги мааниси "бир нерсенин бетине оюп, чиймелеп салынган түр, оймо". *Арасына оюунун актан милте койдурган* (Тоголок Молдо) [4].

**Оюк**

Ышкырык аспабынын боор жагындагы ышкырык оюгу. Оюк лексеманын алгачкы мааниси "оюлган жер, чуңкур, оюлган ачык." Андан сол жаргылчактын оюугуна бир ууч жүгөрүнү салат да, туткасынан кармап жай тегеретет ("Ала-Тоо") [4].

**Боо**

Керней менен мүйүз керней аспаптарын алып жүрүүгө ылайыкташтырылган, оюлган көзөнөгүнө тагыла турган боосу. Боо лексемасынын алгачкы мааниси "бир нерсени байлоого керектелген жип." Лыжаларды майлайлы, боосун бекем байлайлы (Осмонкул) [3].

**Тил**

Чымылдактын добуш чыгарууда оозго салып үйлөй турган жабык жак башындагы оюлган жери тили. Тил лексемасынын алгачкы лексикалык маанисиадамдын,жан-жаныбарлардын тили. Өтмө маанилери музыкалык аспаптардын тили (жыгач ооз комуз менен темир ооз комуздун тили). Түркчө ти/ те деген уңгу азыркы де (говорить, сказать) деген сөздүн байыркы формасы болсо, - л болсо этиштен атооч жасоочу аффикс болуп, т тыбышы кийин жумшарып д тыбышына өткөн [8]. Тил атоо сөзү М.Кашкардын, К. Ашыралиевдин эмгектеринде тил деген формада кездешет [2; 5]. Демек, бул жерден тил сөзү эч кандай тыбыштык жактан өзгөрүүгө дуушар болбогонун көрүүгө болот.

Кыргыз тилиндеги үйлөмө аспаптардын бөлүктөрүнө байланыштуу сөздөр метафоралык жолдор аркылуу келип чыккан. Музыкалык аспаптарга тиешелүү болгон баш, көзөнөк, шакекче, ооз, көз, оюу, оюк, боо, тил лексемалары адамдын дене бөлүктөрүнүн аталыштарында, пайдаланылган буюмдардын, идиштердин, кийимдердин бөлүктөрүнүн атоолорунда кездешкен атоолор. Бул лексикалык компоненттер салыштыруунун, окшоштуруунун негизинде пайда болгон метафоралык маанилердин кеңейүүсүнөн улам пайда болгон.

Кыргыз тилиндеги урма музыкалык аспаптарга байланыштуу тилдик каражаттардын ичинен морфологиялык жол менен уюшулгандар: табыш тууранды сөздөн зат атоочтун уюшулушу – чымылдак сөзүнүн негизи "чыңкылдоо / чыңк этүү" (чың / чым+ ылда+к / ак) ; зат атоочко заттын кичине формасын туюндурган мүчөнүн жалганып жасалган сөз – шакекче (шакек+ча / че); этиштен зат атооч сөздүн пайда болушу – тил лексемасына негиз болгон байыркы ти / те (байыркы түркчө "де") этиш формасына -л аффиксинин уланышы (ти / те+л), оюк сөзүнүн өнүмдүү куранды менен жасалышы (оюу+ -к / -ык), оюу (ой+уу). Синтаксистик жол менен уюшулгандар: ачык уч , жабык уч, жабык жак (сын атооч менен зат атоочтордун айкалышы).

Макалада үйлөмө аспаптардын бөлүктөрүнө тиешелүү тилдик каражаттардын лексика-семантикалык өзгөчөлүгү ачы-лып берилди. Лексикалык семантикасын ачууда музыкалык жана лингвистикалык адабияттарга, кыргыз тил илиминдеги изилдөөлөргө шилтемелер көрсөтүлдү.

Жыйынтыгында, үйлөмө музыкалык аспаптардын бөлүктөрүнө байланыштуу лексикалык компоненттер аткарган кызматына, туюндурган маанисине карата аталып калгандыгы тастыкталды. Макалада музыкалык аспаптарга байлаштуу атоо сөздөрдүн морфологиялык жактан жасалышына, синтаксистик жолдор менен уюштурулушу көрсөтүлдү.

**Адабияттар:**

1. Субаналиев С. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары: идиофондор, мембранафондор, аэрофондор / Субаналиев С. –Ф.: Адабият, 1991. -144 б.

2. Махмуд Кашгари «Түрк тилдеринин сөздүгү» [текст] \ Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, I т. /Махмуд Кашгари – Б., 2011. – 811 б.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). I бөлүк. / Ч.Айтматов атын. Тил ж-а адабият ин-ту КР УИА / А.Акматалиевдин жалпы ред. астында; Түз.: И.Абдувалиев, А. Кыдырманбетова, Ж.Семёнова ж.б. –Б., "Полиграфбумресурсы", 2019. –799 б.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). II бөлүк. / Ч. Айтматов атын. Тил ж-а адабият ин-ту КР УИА / А.Акматалиевдин жалпы ред. астында; Түз.: И. Абдувалиев, А. Кыдырманбетова, Ж. Семёнова ж.б. –Б., "Полиграфбумресурсы", 2019. –799 б.
5. Аширалиев К. Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр; Кырг. ССР ИА, Тил ж-а адабият ин-ту, Түркология сектору. –Ф. Кырг. ССР ИА, 1963. –121 б.
6. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков: Общетюркские и межтюркские основы на гласные / Э.В.Севортян.; АН СССР. Ин-т языкознания. –М.:Наука, 1974. –349 с.
7. Карасаев К. Өздөштүрүлгөн сөздөр: Сөздүк. / К.Карасаев. –Ф.:1986. –420 б.
8. Сейдакматов К. Сөздөрдүн келип чыгыш тарыхынан: научное издание; Жооп .ред. Б. Исаков. / Сейдакматов К. -Б., 2004. -232 б.